КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын
ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №13 Казарман айылы

Каргалык айыл аймагындагы трансформатордук көмөкчордондорун Тогуз-Торо райондук электр тармактарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө

Каргалык айыл аймагында жайгашкан жана айыл өкмөтүнүн карамагында турган трансформатордук көмөкчордондорун адистештирилген мекеме тарабынан техникалык тейлөө,оңдоо жана эксплуатациялоо иштерин жүргүзүү, электр жабдууларынын үзгүлтүксүз жана коопсуз иштешин камсыз кылуу максатында, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2 - главасынын 2.1 - пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

1. Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Суу айылындагы “Седеп” балдар бакчасынын, М.Абдыжапаров атындагы жалпы билим берүү мектебинин, Тайлак көчөсүндөгү спорт залдын, Чет-Булак айылындагы спорт залдын трансформатордук көмөкчордондорун (мамлекеттик актта көрсөтүлгөн 16,0 чарчы метр, жалпы 64 чарчы метр жер аянттары менен кошо) Тогуз-Торо райондук электр тармактарынын балансына өткөрүүгө макулдук берилсин.
2. Өткөрүп берүү, кабыл алуу актыларын түзүү жана тиешелүү документтерди мыйзам талаптарына ылайык тариздөө Каргалык айыл аймагынын өкмөт башчысы М.Ж.Олжотоевге жүктөлсүн.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**